"

**Техникалык Тапшырма**
**"Шахман" автосамосвалдын Айдоочусу кызматын көрсөтүү үчүн**

| № | Сатып алынуучу товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө (сатып алуу объектиси) талаптардын параметрлери | Товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө конкреттүү талаптар |
|---|---|---|
| 1 | Аталышы/түрү, саны/көлөмү, өлчөө бирдиги | «Шахман» автосамосвалдын Айдоочусу кызматын көрсөтүү үчүн жеке ишкерлер (ЖИ).<br>16 жеке ишкер керек. |
| 2 | Жүктү жеткирүү, кызмат көрсөтүү/жумушту аткаруу орду | Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району, Кумтөр кени.<br>Кумтөр кенинин объекттери деңиз деңгээлинен 4000 метрден ашык бийиктикте, түбөлүк тоңдун шартында бийик тоолуу аймакта жайгашкан. |
| 3 | Товарларды жеткирүүнүн, кызмат көрсөтүүнүн, жумушту аткаруу мөөнөтү | Кызмат мөөнөтү: 2025-жылдын 10-октябрынан 2025-жылдын 31-декабрына чейин.<br>Иштөө убактысы: 11 сааттык нөөмөт (күндүз 7 нөөмөт/түнкүсүн 7 нөөмөт).<br>Жумушту уюштуруу: вахталык система - 14 жумушчу күн / 14 күн эс алуу. |
| 4 | Жумуш аткаруунун тартиби (ырааттуулугу, баскычтары) | • Жумушту аткаруунун көлөмү жана тартиби Буйрутмачы тарабынан аныкталат. Жумуштар Жер иштетүү бөлүмүнүн башчысынын тапшырыгынын негизинде жүргүзүлөт.<br>• Кызмат көрсөтүүлөр материалдарды, жабдууларды, машиналарды, аспаптарды жана Буйрутмачынын башка мүлкүн колдонуу менен аткарылат. Алардын коопсуздугу үчүн подряддык уюм жоопту болот.<br>• «Кумтөр» кениндеги жумуштарды аткаруу үчүн бардык керектүү ЖЖК кызматтарды көрсөтүүнүн мөөнөтү ичинде Буйрутмачы тарабынан берилет.<br>• Буйрутмачы Кумтөр кенинде подряддык уюмдун жумушчуларын турак жай жана тамак-аш менен камсыз кылат.<br>• Кызмат көрсөтүлгөн жерге жеткирүү жана кайра ташуу Буйрутмачынын эсебинен ишке ашырылат.<br>• Бардык жумуштар өнөр жай коопсуздугу жана эмгекти коргоонун талаптарына ылайык так жүргүзүлүүгө тийиш.<br>• Аткаруучу Буйрутмачы тарабынан белгиленген ички регламенттерди, эрежелерди, талаптарды жана иш убактысын сактоого милдеттүү. |
| 5 | Берилген товарларга, аткарылган жумуштарга, көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө болгон талаптар | Талаптар:<br>• Орто же орто кесиптик билим.<br>• "B", "C" категориясындагы жарактуу айдоочулук күбөлүктүн болушу.<br>• Эң кеминде 3 жылдык жүк ташуучу унааларды айдоо тажрыйбасы.<br>• Кумтөр кенинде самосвал айдоочусу катары далилденген иш тажрыйба талап кылынат.<br>• Бекем ден соолук.<br>Талап кылынган документтер: |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | | • Кыргыз Республикасынын Электрондук экспертиза жүргүзүү боюнча мамлекеттик комитетинин ишмердик коду 49.41.0 боюнча жеке ишкерди каттоодон өткөрүү тууралуу күбөлүк.<br>• Соттуулугу жок экендиги тууралуу күбөлүк.<br>• Бийик тоолуу шарттарда иштөөгө жарамдуулугун тастыктаган медициналык күбөлүк.<br>• Банк реквизиттери<br>• Резюме. |
| 6 | Товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү жана кабыл алуу тартиби, иштин жыйынтыктары | • Кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы 11 сааттык нөөмөткө 3 740 (үч миң жети жүз кырк) сомду түзөт.<br>• Көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы Аткаруучунун иш жүзүндө аткарган күндөрүнүн санына жараша жүргүзүлөт.<br>• Айына иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы төмөнкүдөй формула менен аныкталат: Кызмат көрсөтүүлөрдүн бир күн үчүн баасы × Кызмат көрсөтүү күндөрүнүн саны.<br>• Буйрутмачы төлөмдү Тараптар тарабынан аткарылагн кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Актка кол коюлгандан кийин 10 (он) банктык күндүн ичинде, Жалпы шарттарда каралган тартипте жүргүзүүгө милдеттүү.<br>• Кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы Аткаруучунун кызмат көрсөтүүгө байланыштуу бардык салыктарды, жыйымдарды жана башка чыгымдарын камтыйт.<br>• Келишимдин шарттарынан келип чыккан бардык салыктарды жана жыйымдарды төлөө, ошондой эле колдонуудагы салык мыйзамдары менен белгиленген милдеттенмелерди аткаруу үчүн Аткаруучу гана жоопкерчилик тартат. |
| 7 | Жумуштарды бүткөндөн жана тапшыргандан кийин Буйрутмачыга техникалык жана башка документтерди өткөрүп берүүгө талаптар | • Көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө Акт.<br>• Жеке ишкер үчүн бирдиктүү салык төлөөнү тастыктаган документ.<br>• Жеке ишкер үчүн камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөнү тастыктаган документ. |
| 8 | Кепилдик милдеттенмелер | Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты үчүн Аткаруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат. |